**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №26 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 20-апрели Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Мамашев М., Кадыров К., Мамашев М., Карабаев Т.

"Конституцияга каршы" тобунун мүчөсү – Н.Октяброва

**Күн тартиби:**

1. **"Конституцияга каршы" тобунан Н.Октяброванын арызын кароо**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, "Конституцияга каршы" тобунан Н.Октяброва референдумду өткөрүүдө добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча протоколдордо катачылыктар бар экендигин белгилеп, б.а №5203, №5207, №5231, №5253, №5445 шайлоо участокторунун протоколдору менен АЭУнун жыйынтыктары дал келбегендигин белгилеген. Ошондой эле №5248 шайлоо участогунун протоколунда кол тамгалар ар түрдүү экендиги боюнча кайрылган жана жогорудагылардын негизинде кайрадан эсептөө жүргүзүп, жыйынтыгын жокко чыгаруу сунушун берген.

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы жогоруда көрсөтүлгөн фактылар боюнча иликтөө жүргүзүп, участкалык шайлоо комиссияларынын төрагаларынан түшүнүк каттар алынды. Алар өз түшүнүк каттарында референдум өткөрүү боюнча идентификация менен АЭУ маалыматтары туура болгондугун, протоколдорго түшүрүүдө туура эмес графаларга жазып алышкандыктарын, протоколдор Кара-Суу аймактык шайлоо комиссия тарабынан кабыл алынып жаткан учурда катачылыктар табылып, протоколго оңдоо киргизилип, тиешелүү актылар менен кайрадан протокол сканерленип жөнөтүлгөндүгүн билдиришти.

№5248 шайлоо участогунун төрагасы кол тамгалардын ар түрдүү болушун, протокол туура эмес түзүлүп калып, саат 3.00 до кайрадан туура толтурулуп, кол тамгаларын койдурууда мүчөлөр адашып башкача кол коюп койгондугу, идентификация менен АЭУнун жыйынтыктары туура чыккандыгын билдирди.

Жогорудагылардын негизинде кетирилген кемчиликтер үчүн №5203, №5207, №5231, №5253 №5248, №5445 участкалык шайлоо комиссияларынын төрагаларына эскертүү берүү сунушун добушка койом.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 12,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

"Конституцияга каршы" тобунан Н.Октяброванын жогоруда көрсөтүлгөн шайлоо участокторунун бюллетендерин кайрадан эсептөөгө, жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна байланыштуу, кайрадан эсептөөдөн, жыйынтыктарын жокко чыгаруудан баш тартылсын деген сунушту добушка койом.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 12,** **Каршы – __**

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн референдумду өткөрүүдө, добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча протокол толтурууда кетирилген кемчиликтер үчүн №5203, №5207, №5231, №5253 №5248, №5445 участкалык шайлоо комиссияларынын төрагаларына эскертүү берилсин.

2. “Конституцияга каршы” тобунан Н.Октяброванын №5203, №5207, №5231, №5253 №5248, №5445 шайлоо участокторунун бюллетендерин кайрадан эсептөөгө, жыйынтыктарын жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна байланыштуу, кайрадан эсептөөдөн, жокко чыгаруудан баш тартылсын.

3. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

**“Конституцияга каршы” тобунун мүчөсү** **Н.Октяброва**